**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**
**РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**
**МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ**

# БУЙРУК

«___» ___________ 2026-ж.г. №_____ г. Раззаков ш.

**Жарандар менен иштөөнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу чаралары жөнүндө**
(КР Президентинин 23.05.2026-ж. №181 Жарлыгын ишке ашыруу боюнча)

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 23-майындагы №181 “Аткаруу бийлигинин жергиликтүү органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандар менен иштөөсүнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 10-июнундагы №01-18/2983 сандуу буйругун жана Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 8-июлундагы №2/166 тескемесин аткаруу максатында **буйрук кыламын:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 23-майындагы №181 Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 10-июнундагы №01-18/2983 сандуу буйругу жана Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 8-июлундагы №2/166 тескемеси Раззаков шаар мэриясынын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери тарабынан аткарууга алынсын.
2. Жарандар менен иштөөнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу боюнча Раззаков шаар мэриясынын иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Раззаков шаар мэриясынын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери иш-чаралар планын өз убагында жана сапаттуу аткарууну камсыз кылышсын.
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Раззаков шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.А.Абдираимовго тапшырылсын.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

*Раззаков шаар мэриясынын 2026-жылдын «___» ___________ № ____ - буйругуна тиркеме*

**Жарандар менен иштөөнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу боюнча Раззаков шаар мэриясынын иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Шаар мэриясынын кабылдамасында калк үчүн түз телефон линияларын (мобилдик байланыш үчүн), а.и. шыр байланышты уюштуруу | 2026-жылдын 20-октябрына чейин | Аппарат жетекчи, Социалдык өнүктүрүү сектору |
| 2. | Шаар мэриясынын административдик имаратында калк үчүн актуалдуу маселелер боюнча коомдук кабылдама уюштуруу (муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгү б-ча жооп берүү деңгээлин камтуу менен) | 2026-жылдын 10-октябрына чейин | Аппарат жетекчи, Социалдык өнүктүрүү сектору |
| 3. | Басма сөз-конференцияларды уюштуруу, а.и. жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жарандык коомдун өкүлдөрүн, алдынкы жаштардын коомдук бирикмелерин тартуу | Жыл ичинде, алдын ала мерчемдөө менен | Аппарат жетекчи, Социалдык өнүктүрүү сектору |
| 4. | Жарандар тарабынан көтөрүлгөн, олуттуу кошумча каржылоону жана атайын кошумча текшерүүнү талап кылбаган жана тиешелүү кызмат адамынын компетенциясына кирген маселелерди кечиктирилбестен чечүү | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 5. | Жарандардын жашоо-тиричилигинин кыйла көйгөйлүү маселелери боюнча кайрылууларды түзүлгөн кырдаалды изилдөө, талдоо жана аларды ыкчам чечүү максатында жерине баруу менен кароо, калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүүдө жарандардын пикирин эске алуу | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 6. | Жалпыга маалымдоо каражаттары менен иш алып баруу, социалдык тармактарда шаар мэриясынын расмий социалдык баракчаларын жүргүзүү боюнча жооптуу кызматкерди аныктоо максатында техникалык тейлеп иштеген кызматкер - кабылдама катчысынын кызматтык милдеттерин кайра иштеп чыгуу жана SMM-адиси кылып озгөртүү | 2026-жылдын 1-октябрына чейин | Аппарат жетекчи, сектор башчысы, башкы эсепчи, чыгашалар боюнча башкы адис |
| 7. | Калк менен жүргүзүлүп жаткан иштерди жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири жарыялоо жана чагылдыруу боюнча чараларды көрүү, о.э.<br>түз көрсөтүүлөрдү жүргүзүү, калктын абдан маанилүү маселелери боюнча видеосюжеттерди жайгаштыруу үчүн интернет сервистерди колдонууну камсыз | Дайыма | Аппарат жетекчи, СММ адиси |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кылуу | | |
| 8. | Социалдык-экономикалык жана коомдук саясий өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери боюнча калк менен маалыматтык-агартуу иштерин, анын ичинде эмгек жамааттарында жолугушууларды, диалогдук аянтчаларды туруктуу негизде өткөрүү, эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүн активдүү тартуу | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 9. | Жаңылыктарды жана башка актуалдуу маалыматтык контентти жайгаштыруу менен популярдуу социалдык тармактарда расмий аккаунттарды жүргүзүүнү камсыз кылуу | Дайыма | Аппарат жетекчи, СММ адиси |
| 10. | Маалымдама-консультациялык мүнөздөгү маселелер боюнча кайрылууларды кабыл алуу боюнча шыр байланыштын талаптагыдай иштешин камсыз кылуу | Дайыма | Аппарат жетекчи, ММД, МИлер |
| 11. | Шаар мэриясында жана мэрияга караштуу мекеме-ишканаларда жарандарды кабыл алууну узак убакыт күтүүсүнө жол бербөө | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 12. | Жарандарды аралыктан тейлөөнүн санариптик технологияларын, ошондой эле келип түшкөн кайрылуулардын санын жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен зарыл болгон учурда кезектүүлүктү санариптик башкаруу системасын киргизүү (санарип чечимдер) | 2027-жыл ичинде | Раззаков шаарынын мэриясы |
| 13. | Жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү чечимдерди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын так сактоо, аларды колдонууда өзүм билемдик менен чечмелөөгө жол бербөө | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 14. | Бардык кызматкерлердин жарандарга, юридикалык жактардын өкүлдөрүнө карата кылдат, жоопкерчиликтүү жана сылык мамиле кылуусун камсыз кылуу, кызматтык этиканын талаптарын сактоо | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 15. | Формалдуулуктун, адамдарга карата калыс эмес, одоно жүрүм турумдун, орой жана урмат-сыйсыз мамиленин ар бир учуру боюнча текшерүү жүргүзүү жана тиешелүү фактылар ырасталган учурда күнөөлүүлөрдү ээлеген кызмат ордунан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчиликке тартуу | Зарыл болгон учурда | Жетекчилик курам |
| 16. | Жума сайын мэрдин жана мэрдин орун басарынын жарандар үчүн жеке кабыл алууларын уюштуруу | Жума сайын | Жетекчилик курам, Аппарат жетекчи, Айыл башчылар жана ЖММ боюнча кызматкерлер |
| 17. | Ар бир айдын акыркы ишембисинде 09.00дөн 12.00гө чейин түз телефон линияларын | Ай сайын | Жетекчилик курам, Аппарат жетекчи, |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өткөрүү | | Айыл башчылар жана ЖММ боюнча кызматкерлер |
| 18. | Айына бир жолудан кем эмес көчмө жеке кабыл алууларды өткөрүү | Ай сайын | Жетекчилик курам, Аппарат жетекчи, Айыл башчылар жана ЖММ боюнча кызматкерлер |
| 19. | Жарандардын кайрылууларынын санын жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен зарыл болгон учурда жеке кабыл алуу ишемби жана *(же)* жекшемби күндөрү өткөрүлүүсүн уюштуруу | Зарыл болгон учурда | Жетекчилик курам, Аппарат жетекчи, Айыл башчылар жана ЖММ боюнча кызматкерлер |
| 20. | Жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет ресурстардын, диалогдук аянтчалардын, басма сөз-конференциялардын мүмкүнчүлүктөрүн активдүү пайдалануу менен жер-жерлерде аныкталган көйгөйлүү маселелерди чечүүдө калк менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 21. | Мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен жарандарды кабыл алуу жерлерин талаптагыдай уюштуруу, маалыматтын купуялуулугун камсыз кылуу жана кезек күтүү убактысын кыскартуу боюнча чараларды көрүү | Дайыма | Жетекчилик курам, Аппарат жетекчи, Айыл башчылар жана ЖММ боюнча кызматкерлер |
| 22. | Шаар мэриясынын иши жөнүндө жарандарга болушунча толук маалымдоону, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары, Интернет тармагы жана социалдык жарнамаларды жайгаштыруу аркылуу камсыз кылуу | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери СММ адиси м-н бирге |
| 23. | Шаардын аймагында турак жай-коммуналдык чарба, транспорттук жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу багытындагы уюмдардын талаптагыдай иштешин артыкчылыктуу тартипте камсыз кылуу. Көрсөтүлгөн уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын телефондору, интернет-сайттарына/социалдык баракчаларына шилтемелери шаар мэриясынын расмий сайтына, социалдык баракчаларына жана административдик имараттарда көрүнүктүү жерлерде жайгаштыруу | Дайыма | Муниципалдык менчик департаменти, “Лейлек Тазалык”, “Исфана таза суу” жана “Раззаков элге кызмат” муниципалдык ишканалары СММ адиси м-н бирге |
| 24. | Калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуучу кызматтарды көрсөтүүнү, анын ичинде акы төлөнүүчү негизде көрсөтүүнү адамдардын суроо-талаптарына ылайык уюштуруу, ошондой эле электрондук формада кызмат көрсөтүүлөргө кайрылуу мүмкүнчүлүгүн уюштуруу | Дайыма | Муниципалдык менчик департаменти, “Лейлек Тазалык”, “Исфана таза суу” жана “Раззаков элге кызмат” муниципалдык ишканалары |
| 25. | Квартал сайын калкка кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын, анын ичинде келип | Дайыма | Жетекчилик курам, Иш кагаздарын |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | |
|---|---|---|---|
| | түшкөн даттануулардын санын эске алуу менен талдоо жүргүзүү жана жыйынтыгы боюнча чараларды көрүү, мындай кызматтарды көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга киргизүү<br>Талдоо жүргүзүү үчүн булактар:<br>- “инфодокс” тутуму,<br>- оозеки кайрылууларды каттоо журналы,<br>- коомдук кабылдамага болгон кайрылуулар,<br>- социалдык баракчалардагы посттор,<br>- телефон аркылуу кайрылуу/даттануулар,<br>- “Пикир” тутуму аркылуу,<br>- жана башка булактар. | | жүргүзүү боюнча адис, СММ адиси,<br><br>Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери |
| 26. | Шаар мэриясынын компетенциясына кирген чечимдерди кабыл алууну жана маселелерди макулдашууну жогору турган деңгээлге өткөрүп берүү фактыларын алдын алуу / жокко чыгаруу боюнча иш алып баруу | Дайыма | |
| 27. | Жалпы ишмердүүлүк ишин бюрократиядан арылтуу, калк менен иштөөнү өркүндөтүү боюнча көрүлүп жаткан чараларды, жарандардан келип түшкөн маселелерди чечүүнүн оң мисалдарын, аныкталган резонанстуу көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн жүрүшүн жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу | Дайыма | Мэриянын жана мэриянын алдындагы мекеме-ишканалардын кызматкерлери СММ адиси м-н бирге |
| 28. | Жогорудагы иш-чаралардын ар бир пункту боюнча жалпыланган маалыматты чогултуп Лейлек районунун мамлекеттик администрациясына берип туруу | Ай сайын | Социалдык өнүктүрүү сектору |

**Аппараттын жетекчиси** **М.А.Абдираимов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН